Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектеби

# Кесипке багыт берүү

2021-2022-окуу жылы

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

ТҮП РАЙОНДУК БИЛИМ
БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ
МАРАТ ТЕМИРОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛПЫ
ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮ МЕКТЕБИ

722407 Корумду айылы
Сейдакмат көчөсү №30

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И
НАУКИ

ТЮПСКИЙ РАЙОННЫЙ
ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ
СРЕДНЯЯ ОБЩЕОБРАЗОВАТЕЛЬНАЯ
ШКОЛА ИМЕНИ МАРАТА ТЕМИРОВА

722407 село Корумду
Улица Сейдакмат №30
ИНН:02604200410259

БУЙРУК
ПРИКАЗ

«25» январь 2022-ж №3

Буйруктан көчүрмө

2021-2022-окуу жылынын бүтүрүүчүлөрүнө профорентация жүргүзүү жөнүндө

Бүтүрүүчүлөрдүн билимге болгон кызыгуусун арттыруу, кесипке багыт берүү, кесипти туура тандоо максатында Түп райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысынын 2021-жыл 11-октябрь №213 буйругунун негизинде
Буйрук кыламын

1.2021-2022-окуу жылынын 9-11-класстарынын бүтүрүүчүлөрүнө билимге болгон кызыгуусун арттыруу, кесипке багыт берүү, кесипти туура тандоо багытында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү 9-10-11-класстардын класс жетекчилерине милдеттендирилсин

2.Мектепте бүтүрүүчү класстардын окуучуларына кесипке багыт берүү, кесипти туура тандоо, сабакка болгон кызыгуусун арттыруу максатында иш план түзүлүп бекиттирилсин.

3.Планды түзүп жана бекиттирүү окуу бөлүмүнүн башчысы А. Мусалимовага милдеттендирилсин

4.Окуу жылынын ичинде Кыргызстандагы ЖОЖ менен онлайн даярдоо курстарына 9-11-класстардын бүтүрүүчүлөрүн толук кандуу катышуусуна ата-энеси жана бүтүрүүчүлөр менен иш жүргүзүү класс жетекчилерине жүктөлсүн

5.Иш план боюнча иштелип жаткан иш-чаралардын маалыматтары тиркелсин

6.Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө окуу бөлүмүнүн башчысы А. Мусалимовага милдеттендирилсин

Директор Б. Акматов

Бекитемин

Директор Акматов Б.С

Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин 9-11-класстарынын бүтүрүүчүлөрүнө кесиптик багыт берүү боюнча жүргүзүлгөн иштеринин иш планы

2021-2022-окуу жылы

| № | Аткарылуучу иштер | мөөнөтү | Жооптуу мугалимдер |
|---|---|---|---|
| 1 | Кесиптик багыт боюнча иш пландарды бекитүү<br>«Кайда барып окуу керек?» Проферинтация боюнча бурч уюштуруу.<br>Кесиптик багыт берүү боюнча 9-11-класстарга түшүндүрүү иштерин жүргүзүү. | декабрь | Уюштуруучу<br>Окуу бөлүм башчысы |
| 2 | «Ар бир кесип ардактуу»<br>Тарбиялык сааттар | февраль | кл жетекчилер |
| 3 | «Мен келечекте ким болгум келет?»<br>Эссе жазуу | март | кл жетекчилери |
| 4 | «Кесипти туура тандайлы»<br>Тегерек стол | апрель | 9-11-кл кл жетекчлери |
| 5 | «Кесиптик багыт берүү-ийгиликке жетүүнүн ачкычы» ата-энелерге түшүндүрүү иштерин жүргүзүү | апрель | 9-11-кл кл жетекчилери |
| 6 | 9-11-класстардын бүтүрүүчүлөрүнө окуу жайлар боюнча видеороликтерди көрсөтүү.Онлайн тесттер менен тааныштыруу. | Май<br>дайыма | Окуу бөлүм башчысы |
| 7 | Бүтүрүүчүлөрдүн катышуусу менен «Мен тандаган кесип » деген темада тегерек стол уюштуруу | Май | Кл жетекчилер<br>Мектеп админ. |
| 8 | 9-11-класстардын бүтүрүүчүлөрүн эмгекке жайгаштыруу боюнча мониторинг жүргүзүү | июль | Окуу бөлүм башчысы |

Окуу бөлүмүнүн башчысы А. Мусалимова

**Кесиптик багыт берүү** – мектептин окуу тарбия ишинин маанилүү элементи. Окуучунун жекече кызыгуусуна, шыгына, ден соолугуна жана коомдогу социалдык экономикалык өзгөрүүлөрдүн талаптарына ылайык аны аң-сезимдүү кесип тандап алууга даярдоого багытталган комплекстүү иш-чаралар системасы.

Кесиптик багыт берүү көп кырдуу педагогикалык, психологиялык, экономикалык, социалдык, медициналык көйгөй. Азыркы кезде мектеп окуучусун кесип тандоого даярдоодо төмөндөгү милдеттерди чечүүгө көңүл буруу керек:
– окуучуларды кесипти аң-сезимдүү, жоопкерчилик менен тандоого тарбиялоо;
– республиканын эл чарбасынын тармактары, эмгекти уюштуруунун формалары, базар экономикасынын маселелери менен тааныштыруу;
– окуучуларды кесиптер, аларга коюлган талаптар, кесипке ээ болуунун жолдору менен тааныштыруу;
– окуучунун кесиптик кызыгуусун, аны тандоосунун мамиле мотивдерин калыптандыруу;
– окуучуларды практикалык иштерге катыштыруу менен билгичтиктерге, көндүмдөргө ээ кылуу ж. б.

Илимий педагогика адабияттарда кесиптик багыт берүү ишинин төмөндөгүдөй курамбөлүктөрү аныкталган:
а) *алдын ала кесиптик диагноздоо* - алдын ала ар түрдүү методдорду колдонуу менен окуучунун инсанын үйрөнүү. Натыйжада окуучунун мүнөздөмөсү түзүлөт;
б) *кесиптик агартуу* - окуучуларды кесиптер, аларга коюлган талаптар, ага ээ болуунун жолдору ж. б. маалыматтар менен тааныштырат;
в) *кесиптик тарбиялоо* - окуучунун кесипке кызыгуусун жана аны тандоодогу негизделген мамиле – мотивин калыптандыруу менен байланышат;
г) *кесиптик ылгоо* – адамдын белгилүү эмгектин түрүнө жарактуулугун аныктайт; д) *кесиптик кеңеш* – окуучунун шык-жөндөмүнө, кызыгуусуна жараша кесиптик багытталгандыгын камсыз кылат;
ж) *кесиптик ыңгайланууну* – адамдын социалдык чөйрөгө, эмгек шарттарына, конкреттүү адистиктин түрүнө активдүү ыңгайланышы.

Кесиптик багыт берүү ишинин ар бир компоненти өзүнө тийиштүү иштемин аткарганда гана жакшы натыйжа берет. Мектепте кесиптик багыт берүү окуу процессинде, класстан жана мектептен тышкаркы иштерде жүргүзүлөт. Кесиптик багыт берүү ишин жүргүзүүдө окуучулардын жаштык жана жекече өзгөчөлүктөрүн эске алуу керек.

**Кесип тандоо ар бир адамдын жашоосундагы маанилүү жана жоопкерчиликтүү кадам. Өз кесибин туура эмес тандаган адамдар турмуштагы ордун табууда жана кесиптик өсүүдө да кыйналышат. Бул тандоо олуттуу жана оңойго турбайт, тоскоолдуктар, кыйынчылыктар болот.**

## Маалыматтын жетишсиздиги же «эл эмне дейт?»

Жаштар кесипти кантип тандоону, эмнелерди эске алууну билишеби? Сурамжылоодо белгилүү болду — бүтүрүүчүлөргө профессия тандоодо кесиптер тууралуу маалыматтар, тесттер, түрдүү ишканаларга экскурсия жана ийримдер керек.
Улуттук квалификациялык стандарттарды иштеп чыгуу боюнча ЕФОнун региондук долбоорунун (2005-2008) изилдөөсүнө ылайык, жогорку класстын окуучуларына кесиптик багыт дээрлик берилбейт. Жаштар мектепти аяктагандан кийин эмгек рыногундагы чыныгы кырдаалды билбей, ара жолдо калышат.
Маалыматтын жетишсиздигинен улам кесип тандай албаган жаштар соңунда улуулардан кеңеш сурашат.

Жаштар башкалардын көз караш, кеңештерин эске алышат — мындай пикирдегилер респонденттердин 65 пайызын түздү. Мындай мамиленин себебине үңүлсөк, анда ар бир үчүнчү бала ага адамдардын оюу жакшы болушун каалайт.

Бирок, жаштардын аларга башкалардын жакшы ойдо болушун каалагандыгы сарсанаа кылат. Анткени «эл эмне дейт?»түшүнүгүнүн таасирине берилип, юрист, экономист же банк кызматкери сыяктуу абройлуу кесиптерди тандашат. Натыйжада, Жогорку окуу жайын аяктагандан кийин жумуш таба албай калышат. Же болбосо иштеп баштаганда гана кесиби жакпайт экенин түшүнүшөт.
Учурда бүтүрүүчүлөргө коюлган квалификациялык талаптар эмгек рыногунун заманбап талаптарына ылайык эмес. Алар эскирген жана зарыл компетенциялары жок. Эмгек рыногунда кадрларды даярдоочу, коюлган талаптарды түзүүчү кесиптик бирикмелер жок экенин Улуттук квалификациялык стандарттарды иштеп чыгуу боюнча ЕФОнун региондук долбоорунун (2005-2008) изилдөөсү да бүтүм кылган.
Жаштардын көбү тапшырып жаткан адистиктин мүнөздөмөсүн, ал кесиптин ээси эмне менен алектенерин билишпейт. Анткени, аларда кесиптин көп түрдүүлүгү боюнча маалымат жок. Жыйынтыгында, алар кесип тандап жатып абройлуу жана киреше алып келүүчү кесиптерге басым жасашат. А чындыгында, ал кесипке жакынкы 10-15 жылда талап болобу же ал кесип жоголуп кетиши мүмкүнбү — эч ким ойлонбойт.
Элдин калың катмары кээ бир кесиптерди туура эмес баалайт — кызмат көрсөтүүнү же курулуш тармагында иштөөнү кара жумуш деп билишет. Биз изилдөөбүздө ушул нерсени да карап көрдүк.

Жаштар кесиптерди жакшы же жаман деп бөлөбү? Биздин сурамжылоодо пикирлер бөлүнүп кетти — респонденттердин жарымы жакшы кабыл алынбаган кесиптер бар деп жооп беришсе, жарымы андай кесиптер жок дешти.
Адамдар терс көз карашта болгон профессияларга курулуш, ремонт жана кызмат көрсөтүүчү кесиптер кирет. Алар: сантехник, куруучу, ширетүүчү, чач тарач, маникюр жасоо сыяктуу кесиптер экенин жаштардын 65 пайызы белгиледи.
Өз жөндөмүн эске албай кесип тандагандын жыйынтыгы — кыйналып иштөө жана чыдап жүрүп пенсияга чыгуу. Эң башкысы окуучуларга жөндөмүнө карай кесип тандоону кеңеш берүү керек. Анткени ийгиликтүү адамдардын көпчүлүгү жүрөгүн угуп, жөндөмүнө ылайык кесип тандаганда гана ийгиликке жетишкени белгилүү.

## Жалпы жогорку билим алуу. Эмне үчүн кесиптик лицейлер бүтүрүүчүлөрдүн арасында талапка ээ эмес?

Элдеги калыптанып калган ой-пикирлерден көз каранды жаштар арбын. Мисалы, «сөзсүз Жогорку окуу жайына окуу керек» деген стереотип кеңири тамыр жайган. Мисалы, жаштардын 60 пайызы кесипкөй болуу үчүн Жогорку окуу жайда гана окуу керек деп билдиришти. Мындай абал өкүндүрөт.
Жаштарда кесиптик лицейлерде ийгиликсиздер окуйт деген ой калыптанган. Бирок, чындык башкача — ийгиликтүүлөрдүн басымдуусу профессиясы жөнүндө түшүнүктүн пайдубалын кесиптик лицейлерде бекемдешет. Андан соң ишин мыкты аткарып, ар кайсы өлкөлөрдөгү сынак, көргөзмө же иш-чараларга барышат.

Татьяна Воротникова — кыргыз улуттук кийимдерин изилдөөгө жана калыптандырууга салым кошкон инсандардын бири. Ал башкаларды укпай, өз кесибин өзү тандагандыгы тууралуу мындай дейт:
«Бала кезимде кызыгууларым башкача болчу — көркөм гимнастика менен машыкчумун. Апам экономист, атам металл базасынын директору эле. Алар басым жасап жүрүп, спорт чеберинин кандидаттыгына чейин жеттим. Анан 8-класстан сүрөткө кызыга баштадым. Жай бою сүрөт чийип жүрүп, бул нерсе меники экенин түшүндүм. Ата-энем каршы болушту, сүрөтчү деген да кесип барбы деп ойлошту. Апам болсо «эми сенин сүрөтчү экениңди кошуна, туугандарга эмне деп айтам», — деп капа болду. Мен болбой эле көркөм сүрөт окуу жайынын кол өнөрчүлүк адистигине тапшырып, ийгиликтүү бүтүп алдым».
Татьяна Воротникова
Учурда Татьяна Воротникова, кыргыз улуттук стилиндеги кийимдерди жаратып, чет өлкөлөрдүн подиумдарын багынткан белгилүү дизайнер, модельер, сүрөтчү. Ал кыргыз саймасынын эң ири топтомун оңдоп-түзөп, көздүн карегиндей сактаган жана илгерки кыргыз костюмунун кайталангыс топтомдорунун ээси. Ошондой эле, көп өлкөлөрдөгү (Ирак, Алжир, Түркия,

Германия, Швеция, Англия, Италия, Кытай, Россия) кол өнөрчүлөрдүн көргөзмөлөрүнө катышкан.

«Сүрөт тартуудан колум бошочу эмес. Ошондуктан, көркөм сүрөт окуу жайына тапшырганымда үйдөгүлөр каршы болушпады. Өз жолумду өзүм тандадым», — дейт белгилүү сүрөтчү, көптөгөн китептердин иллюстратору, Экинчи (II) Көчмөндөр оюнунун башкы декоратору, сүрөтчүсү Жумгалбек Бейшебаев. Аны арт мейкиндигинде Джум Гунн деп аташат.

Жумгалбек ийгиликке жетүү үчүн талыкпай эмгектенип, талантты багуу керек дейт. Ал 6-класста окуп жатканда сүрөт тартуу талантын байкаган агасы менен эжеси Т.Садыков атындагы академияга киргизишет. Ошентип, ал С.Чуйков атындагы көркөм сүрөт окуу жайын аяктайт. Учурда Жумгалбек жогорку билим албай эле олуттуу иш-чаралардын декоратору, ондогон жомок китептердин иллюстратору, даректүү тасмалардын каарманы. Джум Гунн жөнүндө тасма жана репортаждар интернетте кеңири тараган. Бул анын эмгектен бакыт тапкандыгы.

Джум Гунн, Алтын Амандын «Бугу эне» жомогуна иллюстрациясы

Мындан улам, профессия тандоодо келечекте жок болуп кетчү кесиптердин тизмесин изилдеп, эмгек рыногундагы талаптар жөнүндө изилдөөлөрдү окууну, эң негизгиси өз жөндөмүн эске алып тандоо жасоону сунуштайбыз.

*Бешик-Жон айылынын жумушчу тобу өз айылынын жашоочуларынын арасында сандык ыкма менен 226 адамдан сурамжылоо жүргүздү жана кабинеттик изилдөөнү ишке ашырды.*

**Дисклеймер:** Бул изилдөө, Америка Кошмо Штаттарынын Эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу Америка элинин жардамы менен ишке ашырылды. Изилдөөнүн мазмуну USAID, Америка Кошмо Штаттарынын өкмөтүнүн, Кыргызстандын тоолуу аймактарындагы жамааттардын өнүгүүсүн колдоо программасынын ( MSDSP KG) же Борбордук Азиядагы IDEAнын көз карашын сөзсүз түрдө чагылдыруусу шарт эмес.

USAID тарабынан каржыланган «Демилгелүү жаштар» долбоору Кыргызстандын жаштарынын жарандык активдүүлүгүн жогорулатуу максатын аркалайт. Долбоор MSDSP KG, IDEA CA тарабынан аткарылат.

# КЕСИПТИ ТУУРА ТАНДООГО ОН КЕҢЕШ

07.2018

